Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
18-19. sayı 2013

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
18-19-саны 2013

# КЫРГЫЗ МАКАЛДАРЫНДА ИШЕНИМГЕ БАЙЛАНЫШТУУ МОТИВДЕР

**(PhD) Али Жусубалиев***

**Özet**

Atasözleri bir milletin eski devirlerde belli bir olay, hayat tecrübeleri sayesinde ortaya koydukları önemli nasihat türü deyimlere verilen addır. Atasözleri içerisinde her türlü olaya ışık tutabilecek deyimler olduğu gibi, bir milletin dini yaşamı hakkında bilgi verebilecek deyimlere de rastlamamız mümkündür. Kırgızlar'ın İslamiyeti kabulüyle birlikte atasözleri içerisnde bu dinin de etkisi olmuştur. Bu etkinin içerisinde ise inanç boyutu önemli bir yer oluşturmaktadır. Çünkü bir milletin yeni dini kabulü oluşturduğu kültür içerisinde önemli yere sahip olması gerekir. Araştırmamızda bu dinin inanç boyutu atasözlerine nasıl etki etmiştir ve atasözlerinde inanç boyutu nasıl işlenmiştir, bu doğrultuda olacaktır.

**Anahtar kelimeler**: Kırgızlar, İnanç, Allah, Kur'an, Hadis.

**Киришүү**

Кайсыл гана улут болбосун өтмүштөн келген баалуу маданий мурастары бар. Ата бабалардан бери келген мурастарга ыр, макал-лакап, жомок, эпос, табышмак, жаңылмач аңгеме, казал ж.б. сыяктуу фольклордун түрлөрүн атоого болот. Алардын ар бири өзүнчө изилдөөгө арзырлык. Аталгандардын ичинен байыркылыгы, кыска жана мазмундуулугу, ошондой эле таамай айтылуусу жагынан макал-лакаптар өзгөчө орунга ээ. Макал-лакаптар ата бабалардын басып өткөн бай тажрыйбасын кыска нуска түрдө чагылдыруучу жана жазуу маданиятынын башталышы менен элдин арасында кенен колдонулуусу аркылуу жашоосун улантып келе жаткан башка мурастардан айырмаланып турган элдик жанр эсептелет.

Макал-лакап демекчи мындай мурастын түрү бир адамга тиешелүү болбостон жалпы элге тиешелүү болуп, ал көптөгөн доорлорду башынан өткөрүп келгендиги менен да айырмаланат. Макал-лакаптарда ата бабалардын башынан өткөргөн тарыхы эле эмес, алардын диний ишенимдерин да аныктоого болот. Тарыхый макал-лакапка көз чаптыра турган болсок мындай лакапты мисал келтирүүгө болот: «Кайда барсаң Мамайдын көрү». Бул лакапта Алтын Ордо мамлекетинин аскер башчысы Мамай жөнүндө сөз болуп олтурат. Ал өзүнө берилген кошуун менен 1380-жылы орустарга каршы согушуп, Куликов талаасында чоң жеңилүүгө учурагандыгы жана жоокерлердин

курман болгондугу белгилүү.[1] Ошондуктан, бул жоготуу көөнөрбөс лакап абалында айтылып калган. Мындай мисалдарды сандап келтире алабыз. Биз бул изилдөөбүздө Исламдын таасиринде пайда болгон же таасири аркылуу өзгөрүүгө учураган диний мотивдеги макал-лакаптарды, өзгөчө ишенимге байланышкан макалдарды иликтөөгө алып, алардын Ислам менен байланышына токтолобуз.

Алгач мусулмандар менен кыргыздардын байланыштарынын тарыхына токтололу. Мусулмандар менен кыргыздардын алгачкы байланыштары Саманиддер (819-999), Караханиддер (840-1212) доорунан башталат. Бул доордо өзгөчө мусулман соодагерлери менен социалдык, экономикалык жана маданий байланыштар күчөгөн. Бул байланыштар аркылуу Ислам маданияты да кыргыздарга таасирин тийгизе баштаган. Анын натыйжасында кыргыздар Исламды кабылдай башташкан.[2] Ал эми Ислам дининин өкүлү болуу үчүн адамдын ыйман келтирүүсү зарыл экендиги белгилүү. Ошондуктан ыйман келтирип, Исламды кабыл кылган кыргыздар ыймандын шарттарына да макал-лакаптарында кенен орун беришкен. Мына ошол ишеним жана анын негиздери тууралуу макалдарда кандай маалыматтар бар экендигин иликтөөгө аракет кылып көрөбүз.[3]

**Ишеним**

Илгертен бери Көкөтеңир ишенимине ээ кыргыздар, башка дин жана ишенимдерин аз болсо да кабыл кылышкан болсо, Ислам дини сыяктуу алардын жашоосуна таасирин тийгизген дин болгон эмес. Ислам ишениминин жөнөкөйлүгү ар кандай адамга түшүнүктүү болуусу жана инсан табиятына туура келүүсү жагынан адамдардын Исламды кабылдоолоруна себепкер болгон.[4] Ыймандын адамдын жүрөгүндө түнөк табуусу бир гана Аллах коркуусу менен болуусу жана эч бир душмандан коркпоо керектиги тууралуу төмөнкү макалда белгиленген: «Эрдик билекте эмес, жүрөктө».[5] Бул макалдын Азирети Мухаммеддин төмөнкү хадиси менен үндөшүп жаткандыгын айтууга болот: «Денеде муштумдай эт бар. Эгер, ал чың болсо, бүткүл дене чың

---

* ОшМУнун теология факультетинин ага окутуучусу.

[1] И. Б. Молдобаев, «Кыргыз фолклорунун тарыхый-этнографиялык булак катары мааниси», *Социалдык илимдер журналы*, Кыргыз Түрк Манас университети, VIII, Бишкек 2003, 41.

[2] Кыргыздардын Исламды кабыл алуусу боюнча караңыз. А. Жусубалиев, *Кыргыздардын Исламды кабыл алуусу*, басыла элек доктордук диссертация, Анкара 2007.

[3] Фазлы Полат, «Түрк элдеринин макал-лакапатарында диндин чагылдырылышы», *ОшМУ теология факультетинин илимий журналы*, 3-4- саны, Ош 2003, 21-25.

[4] Эбулфазл Иззети, *Исламын яйылыш тарихине гириш*, Станбул 1984.

[5] *Кыргыз макал-лакаптары*, түз. Шаршеке Усупбеков, Фрунзе «Кыргызстан» 1982, 42.

болот. Эгерде, ал бузулса, бүткүл дене бузулат. Ал жүрөк эмеспи».[6] Ыймандын жүрөктө бекем орун алуусу, мусулмандарды дайыма жеңишке жеткирип турган. Мунун таасын мисалдарын «Бедир», «Ухуд» сыяктуу мусулмандар менен мушриктердин ортосунда болуп өткөн согуштардан көрүүгө болот.[7] Демек, ыймандын жүрөктө күчтүү болуусу, башкача айтканда, Аллахка болгон ишенимдин күчтүүлүгү баардык нерседен да күчтүү экендиги макал аркылуу баса белгиленип олтурат.

«Ырайына жараша ыйманы».[8] Бул макалда ыйман келтирип Кудайдын буйругун аткаргандардын акыретте да жүзү күлө тургандыгы ышаара кылынган. Чынында, Абаса сүрөсүнүн 38-39- аяттарында бул тууралу мындайча баяндалат: «Ал күнү (момундардын) жүздөр албырып тамылжыйт, күлө багып кубанышат».[9]

«Бай уулунун назары ач,

Ыймандуу киши андан кач».[10] Мында байлыкта адамды азгыруучу сапат бар экендиги, мусулмандын андай азгырыктан алыс болуусу үгүттөлгөн.

«Картаңдан ыйман кетсе,

Жаштардан уят кетет».[11] Кыргыз коомчулугунда улуу жаштагылардын өзгөчө орду бар. Алардын сөзү, баскан тургандары жаштарга үлгү. Андыктан, макалда улуу жаштагылардын ыймандуу болуусу коомдун бекем болуусуна шарт түзөт. Көңүл буруп карасак, кыргыз макалдарында ыйман бардык нерсенин үстүндө деп эсептелгендигин, ата- бабалардын келечек муундарын тарбиялоодо ыйманга чоң маани беришкендигин көрүүгө болот.

**а) Аллах**

Кыргыз макалдарында Аллахка болгон ишенимге ышаара кылган мотивдерди кездештирүү мүмкүн: «Кудай деген куру калбайт».[12] Бул макалда Аллахка болгон ишеним баяндалууда. Ага бардык нерсеси менен ишенип, андан тилеген, башка эч кимден жардам күтпөгөн адамды Аллахтын куру калтырбоосу жөнүндө

---

[6] Бухари, Иман 39; Муслим, Мусакат 107.

[7] Бул туурасындагы аят мындайча: «Эки беттешкен тайпада силер үчүн белги бар. Бир тайпа Аллах жолунда салгылашса, экинчиси каапыр абалда (согушат). Мусулмандарды алар өздөрүнө караганда эки эсе көп көрүшөт. Аллах каалаганын Өз жардамы менен колдойт. Чындыгында мында акыл эстүүлөр үчүн өрнөк бар». Аали Имран сүрөсү, 13.

[8] *Кыргыз макал-лакаптары*, 202.

[9] Абаса сүрөсү, 38-39-

[10] А.а. ч., 207.

[11] А.а. ч., 104.

[12] Г. Тажиева, А. Курманбекова, *Кыргыз макал лакаптары жана учкул сөз түркүмдөрү*, 2004, 188.

айтылат. Бул мааниге жакын Куранда көптөгөн аяттарды мисал келтире алабыз. Мисалы, Ахзаб сүрөсүнүн 3-аятында мындайча айтылат: «Аллахка ишен, өкүл катары Аллах сага жетишет».[13]

«Он эки пайгамбардан,

Бир Кудай өтүптүр».[14]

Макалда Кудайдын он эки пайгамбардан да жогору экендиги жана ал аркылуу Кудайдын гана буйруктарын аткаруу керектиги жөнүндө сөз болот.

«Башы оорубаган кишинин Кудай менен иши жок».[15] Буга байланыштуу Курандан төмөнкү аятын мисал келтирсек: «Адамга бир кыйынчылык түшкөн учурда жатып алып, олтуруп же туруп алып (кыйынчылыкты алып салуу үчүн) бизге дуба кылат, бирок биз андан кыйынчылыгын алып салган учурда, башына түшкөн кыйынчылыктан улам бизге дуба кылбаган сымал басып кетет. Мына ошондуктан, чекти ашкандарга жасаган иштери кооз көрсөтүлдү».[16]

«Качкан да кудай дейт,

Кууган да кудай дейт.

Буларды жараткан Аллах

Кимисинин камын жейт?»[17] Бул жерде эки адамдын тең үмүттөрүнүн жалгыз Аллахта экендиги белгиленүүдө.

Макалдардан биринде «кол кудайдын мөөрү»[18]- делет.

Кыргыздар илгери баш бармактарынын учтарын мөөр катары колдонушчу. Адамдардын манжаларынын издери башка-башка экендиги бул макалда белгиленүүдө. Куранда буга байланыштуу төмөнкүдөй аяттар бар: «Адам, сөөктөрүн бир жайга топтой албашыбыздыбы ойлошот? Ооба, биз анын манжаларын (жаңыдан) жаратууга кудуретибиз жетет».[19]

Кыргыз элинде үйгө келген мейманды Кудайдын жиберген адамы катары көрүү адатка айланган. Аны ыраазы кылуу Аллахты ыраазы кылууга барабар, ошондуктан коноктун дубасын алуу үчүн аракет жасашкан. Ушул адептен элибизде төмөнкүдөй макал айтылып калган: «Конок бул Кудай сүйгөн пенде».[20] Бул макалдын хадистеги берилиши төмөнкүдөй: «Аллах Таала калетсиз кабыл кылуучу үч дуба

---

[13] Ахзаб сүрөсү, 3.
[14] *Кыргыз макал- лакаптары*, 200.
[15] А.а.ч., 92.
[16] Юнус сүрөсү 12.
[17] А.а.ч., 196.
[18] А.а.ч., 197.
[19] Кыямат сүрөсү,3.
[20] Феликс Рока, «Памир жана Алай кыргыздары», кот. Л. Строилов, *Кыргыздар*, I, .Бишкек 1993, 352.

бар: зулумдук көргөн пенденин дубасы, коноктун дубасы жана атанын баласына берген дубасы».[21]

«Кудай кошкон куда болот.

Пайгамбар кошкон дос болот.

Теңир кошкон теңтуш болот.

Ата тапкан кайын болот».[22] Мында турмуш куруп, үй-бүлөлүү болуунун Кудайдын буйругу, пайгамбардын сүннөтү экендиги баса көрсөтүлөт. Кээ бир макалдарда Аллах түздөн-түз айтылбаса да, кыйыр түрүндө ага ышаара кылынып, бардык нерсенин жаратуучусу экендиги белгиленет:

«Айларды айландырган, жылдарды да жылдырат».[23] Куранда буга байланышкан төмөнкүдөй аят айтылат: «Көктө бурчтарды жараткан, ал жерде жарык чачкан Күндү, жарыктанткан Айды жараткан Аллах, улуулар улуусу».[24] Башка аятта да Аллахтын жаратуучу болгондугу жана жылды 12 ай кылгандыгы, адамдардын жылдардын санын билүү үчүн айга бир канча мезгилдерди койгондугун төмөнкү аятта баяндайт: «Күндү нурлуу, Айды жарык кылган, жылдардын санын жана эсебин билүүңөр үчүн алардын орундарын белгиледи. Аллах буларды чындык менен жаратты. Ал түшүнгөн адамдарга Өзүнүн аяттарын баяндайт».[25]

**б) Пайгамбарлар**

Исламдын ыйман негиздеринен бирөөсү пайгамбарларга ыйман келтирүү саналат. Пайгамбар Аллах менен пенделери арасында элчи, ортомчу болуп эсептелет. Аллах Таала адамдар арасынан тандап алган бир канча адамды мындай иш менен милдеттентендирген, кулдарына буйрук жана тыюуларын ошол адамдары аркылуу жеткирген. Ошондуктан пайгамбарларга ыйман келтирүү адамдарга туура жолду көрсөтүү үчүн Аллах тарабынан тандалган адамдардын жиберилгендигине жана бул адамдардын Аллахтан алып келген бардык нерселеринин чын жана туура болгондугуна ишенүү, пайгамбарлар тууралуу важип, мүмкүн болгон нерселерди билип тастыктоо керек.[26]

Аллах Таала ар бир мусулманга араларында эч кандай айырма кылбастан пайгамбарларга ишенүүнү парз кылган. Куранда мындайча баяндалат: «Ал пайгамбар да өзүнө Раббысынан түшүрүлгөнгө ыйман

---

[21] Ибн Маажа, Дуа 11.

[22] *Кыргыз макал- лакаптары*, 197.

[23] *Кыргыз макал- лакаптары*,44.

[24] Фуркан сүрөсү, 61.

[25] Юнус сүрөсү, 5.

[26] Саим Кылавуз, *Ислам акаиди ве келама гириш*, Станбул, 1985, 134.

келтирди, момундар да. Алардан ар бири Аллахка, периштелерине, китептерине пайгамбарларына ишенди жана айтышты: Аллахтын пайгамбарларынан эч бирин башкасынан бөлбөйбүз. Баарына ишенебиз».[27] Мына ошондуктан мусулман пайгамбарлардан кээ бирине ишенип, кээ бирине ишенбесе каапыр болот.[28]

Пайгамбарлардын жалпы саны тууралуу анык маалымат жок. Бирок Куранда билдирилген пайгамбарлардын саны 25. Алгачкы инсан жана алгачкы пайгамбар Аз. Адам (а.с.), акыркы пайгамбар болсо Аз. Мухаммед (а.с.) эсептелет.[29]

Кыргыз макалдарында Аз. Пайгамбар менен байланыштуу бир макал бар: «Пайгамбар баарына ыраазы». Мында пайгамбардын диндеги эрежелерге каршы келбеген учурда баардык нерсеге ыраазылык билдирери белгиленет.

«Кудай кулум десе,

Пайгамбар үммөтүм дебеске аргасы жок.

Кудай кылса кубаарымдын акысы барбы».[30] Мында Кудай жалгап пендесине туура жол ыйгарылса же кечирилген болсо, пайгамбардын да аны кечириши белгиленет.

«Кудайдын күнү кумдан көп,

Буюрганын жашайсың.

Насип кылган ашыңдын,

Буюрганын ашайсың».[31] Кудайдын күнү чынында көп, а бирок ар бир адам белгилүү гана мөөнөт жашай алат. Бул Куранда мындайча баяндалат: «Биз силердин араңарга өлүмдү аныктап койдук. Бизден эч ким озо албайт»![32]

«Көпкө жараган Кудайга жарайт».[33] Мында көп кыйынчылыктарга тушукса да, чыдамкай жана сабырдуу болгон адамдын акырында Кудайдын ыраазычылыгына ээ болору белгиленген. Ал эми сабыр кылуучулар Куранда мындайча баяндалат: «Мына ошолорго сабыр кылгандыгы себептүү сыйлыктары эки эсе кылып берилет».[34]

«Өзүң кудай болбогон соң,

---

[27] Бакара сүрөсү, 285.
[28] Саим Кылавуз, а.а.ч., 135.
[29] Ахзаб сүрөсү, 40.
[30] *Кыргыз макал- лакаптары*, 197.
[31] А.а.ч., 197.
[32] Вакиа сүрөсү, 60.
[33] Жыйнаган Толкун Турду ж.б., "Макал-лакаптар, учкул сөздөр", *Кыргыздар*, түз. К. Жусупов, IV, "Кыргызстан-Сорос" Фонду, Бишкек 1997, 553.
[34] Касас сүрөсү, 54-аят.

Көрөр күнүң ушу экен».[35] Чындыгында, адам баласы алсыз, күчсүз эсептелет. Бул тууралуу Куранда мындай аятты мисал келтирүүгө болот: «Аллах силерден жүгүңөрдү жеңилдетүүнү каалайт, себеби адам алсыз жаратылган».[36]

**в) Периштелер**

Периштелерге ыйман Исламда ыймандын негиздеринин арасында маанилүү орунга ээ. Куранда периштелерге ишенүүнүн парз экендигин көрсөткөн аяттар бар: «Ал пайгамбар да өзүнө Раббысынан түшүрүлгөнгө ыйман келтирди, момундар да. Алардан ар бири Аллахка, периштелерине, китептерине пайгамбарларына ишенди».[37]

Периштелер сезим органдарыбыз аркылуу биле албаган, көз менен көрө албаган, нурдан жаратылган руханий жандык эсептелишет. Ошол себептүү периштелер тууралуу маалымат булагыбыз вахий, аят жана сахих хадистер саналат. Алар тууралуу эки булакка гана таянабыз. Периштелердин көз менен көрүлбөгөн сезимдерибиз менен сезилбеген жандыктардан болушу, аларды кабыл албообуз деген ойго салбашы тийиш.[38]

Жакшы жана такыбаа адамдардын периште деңгээлине жете тургандыктарына ышаара кылынат. Буга байланыштуу жакшы аялды периштеге окшотуу макалы кыргыз элинде бар: «Ажарлуу аял адамдын периштеси,

Акылдуу аял эркектин шериктеши».[39]

Кыргыз макалдарында периштелердин милдеттери да сүрөттөлөт: «Периште токтотот, шайтан шаштырат».[40] Периштелер Аллахка, анын буйруктарына моюн сунуп, ал буюрган иштерди сөзсүз аткарган, кайсыл гана буйругу болбосун ага каршы чыкпаган кулдар болуп саналат.[41] Алар ыйман келтиргендерди коргойт, алардын жамандык жана каршы чыкпоолоруна жардамчы болушат. Башкача айтканда, адамдарды жакшылыкка үндөшөт. Алар жөнүндө жамандыкты эч качан ойлошпойт. А бирок шайтан болсо, тескерисинче адамды азгыруу үчүн колунан келген нерсенин баарын жасайт. Аларды күнөөгө батыруу үчүн ар түрдүү ыкмаларды колдонот.

Куранда жогорудагы макалга байланыштуу шайтандын милдети да баяндалат: «Ошондо шайтан айтты: «Мен сенин

[35] *Кыргыз макал- лакаптары*, 216.
[36] Ниса сүрөсү, 28.
[37] Бакара сүрөсү, 285.
[38] Саим Кылавуз, а.а.ч., 173.
[39] *Кыргыз макал -лакаптары*, 178.
[40] ОшМУнун кыргыз филология факультети, *Эл өнөрү- элге макал лакаптар*, Ош 2002, 21.
[41] Тахрим сүрөсү, 6.

пенделериҥден токтоосуз өз үлүшүмдү аламын, алардын чындыктын жолунан кечиктирбестен чыгарам жана аларды аткарылбас жаман үмүттөргө азгырам, аларга малдын кулагын тешип коюуга буюрам жана аларга Аллахтын жараткан нерсесин өзгөртүүгө буйрамын» деди. Кимде ким Аллахты таштап, шайтанды дос кылса, ал анык зыянга учурайт».[42]

**г) Китептер**

Макалдарда китептерге ыйман келтирүү боюнча да маалыматтар бар. Алардын ичинен өзгөчө Курани Карим боюнча макалдарды учуратуу мүмкүн. Баарыбызба маалым Куран аталышы анын ээси болгон Аллах тарабынан коюлган: «Албетте ал өтө пазилеттүү Куран».[43] Бир кыргыз макалында Курандын Аллахтын сөзү экендиги белгиленет: «Курандын өзү Кудайдын сөзү».[44]

Макалда ачык түрдө көрүлгөндөй эле Аллах тарабынан Аз. Мухаммедге вахий кылынган ыйык китеп- Куран - Аллахтын сөзү эсептелет. Куран аяттарында бул тууралуу ачык даана маалыматтар берилет: «Эгер шерик кошкондордон бирөөсү амандык тилеп келсе, аны жаныҥа ал. Ал да Аллахтын сөзүн уксун».[45] «Алар Аллахтын сөзүн өзгөртүүнү каалашууда».[46] Аталган аяттарда айтылган Аллахтын сөзүнөн максат Куран саналат.

**д) Акырет**

Макалдарда акырет, кыямат, бейиш, тозокко байланыштуу маалыматтарды табууга болот: «Бул дүйнөдөн үмүтүн үзгөн,

Акыретинин камын жейт».[47] Буга байланыштуу Куранда төмөнкүдөй аятты көрүүгө болот: «Эй ыйман келтиргендер! Аллахтан корккула жана ар ким эртеҥкисине эмне даярдаганына карасын. Аллахтан корккула, себеби Аллах жасаган иштериҥерден кабардар.»[48]

Адам баласынын бул дүйнөдө абдан нанкөр экендиги, башка иш түшкөндө Аллахты эстеп, мүшкүл иш алынып салынганда болсо, напсинин каалоосуна моюн сунуп мурунку ишин жасагандыгы, акыр аягында ошол адамдын тозокулук боло тургандыгы жана мындан абдан бушайман боло тургандыгы белгилүү. Адам баласынын бул дүйнөдө жасаган жакшы иштеринин натыйжасында акыретте мунун сообун ала

---

[42] Ниса сүрөсү, 118-119.
[43] Вакиа сүрөсү, 77.
[44] Г. Тажиева, А. Курманбекова, а.а.ч., 51.
[45] Тавба сүрөсү, 6.
[46] Фетих сүрөсү, 15.
[47] *Кыргыз макал лакаптары*, 93.
[48] Хашр сүрөсү, 18.

тургандыгы,[49] адамдын буларды өзүнүн каалагандыгы белгилүү. «Адам жакшылыкты каалаганчалык жамандыкты да каалайт. Адам абдан шашкалаак».[50]

Кыргыздардын ат жана башка жаныбарларга өтө жакын болгондугу белгилүү. Алар үчүн аттан айрылуу кыяматтын болуусу эсептелет. Ошондуктан:

«Кыямат кайым кайда (десе) экен,

Аттан айрылган жерде (тура) экен»[51]-деп атынан айрылган учурун кыяматка теңешет.

**е) Ажал же өлүм**

Сөздүктө «мурдатан аныкталган убакыт жана мөөнөт» маанисине келген ажал- адамдын жана бүткүл жаныбарлардын белгиленген мөөнөтү жана бул мөөнөттүн соңуна, башкача айтканда өлүм менен бүтүүсүнө айтабыз.

Ажал өлүм темасы да макалдарда өз ордун тапкан. Бир макалда «өлүмдөн башканын баарынын эртеси жакшы».[52] Себеби ар бир адам, качандыр өлүмгө дуушар болот. Андыктан, адам баласынын жакшылык жана сооптуу иштерди аткаруусу сунуш кылынат. Муну Курандын төмөнкү аяты да аныктап турат: «Биз силерге берген ырыскылардан силердин ар бириңерге өлүм келгенге чейин сарптап калгыла! Ошондо ал: «Эгем, эгер менин өмүрүмдү бир аз узартсаң мен кайрымдуулук иштерди көп кылып, жакшылардан болор элем»,-дейт.»[53]

«Өлүмдөн башканын баары өзү келбейт.
Өлүм сурап келбейт».[54]
«Өлбөгөн жанда үмүт бар».[55]
«Конок айтып келбейт,
Өлүм сурап келбейт».[56]
«Ажал өлүм жетпесе,
Адам уулу жыгылбайт».[57]
«Жан бар жерде өлүм бар».[58]
«Жан кыйналбай жан чыкпайт».
«Жан ооруган жерде».

---

[49] Зилзал сүрөсү, 7-8.
[50] Исра сүрөсү, 11.
[51] *Кыргыз макал- лакаптары*, 57.
[52] А.а.ч., 61.
[53] Мунафикун сүрөсү, 10.
[54] *Кыргыз макал- лакаптары*, 78.
[55] А.а.ч., 61.
[56] А.а.ч., 78.
[57] *Кыргыз макал- лакаптары*, 86.
[58] А.а.ч., 97.

«Жаны бардын үмүтү бар».[59]

«Жети күндүн бири өлүм».[60]

Жогорудагы макалдарга байланыштуу Куранда өлүм темасы кенен сүрөттөлгөн.[61] Мисалы Юнус сүрөсүнүн 49-аятында мындайча баяндалат: «Ар үммөттүн бир ажалы бар. Ажалдары келгенде бир саат артка же бир саат алдыга кете алышат».[62]

Жыйынтыктап айтканда, Исламдагы ишеним негиздери тууралуу маалыматтар кыргыздардын Исламды кабылдай башташкан мезгилинен баштап, макал- лакаптарына, жалпы эле маданиятына чоң таасирин тийгизген.

**Колдонулган адабияттар**

1. Жусубалиев, А., *Кыргыздардын Исламды кабыл алуусу*, басыла элек доктордук диссертация, Анкара 2007.
2. Иззети, Эбулфазл, *Исламын яйылыш тарихине гириш*, Станбул 1984.
3. Куран
4. *Кыргыз макал –лакаптары, түз.* Шаршеке Усупбеков, Фрунзе «Кыргызстан» 1982.
5. “Макал-лакаптар, учкул сөздөр”, *Кыргыздар*, жый. Толкун Турду ж.б., түз. К. Жусупов, IV, “Кыргызстан-Сорос” Фонду, Бишкек 1997.
6. Молдобаев,. И. Б., «Кыргыз фольклорунун тарыхый этнографиялык булак катары мааниси», *Sosyal Bilimler Dergisi*, VIII, Кыргыз-Түрк Манас Университети, Бишкек 2003.
7. ОшМУнун кыргыз филология факультети, *Эл өнөрү- элге макал лакаптар*, Ош 2002.
8. Полат Ф. «Түрк элдеринин макал –лакаптарында диндин чагылдырылышы»,ОшМУ теология факультетинин илимий журналы, 3-4 сан, Ош 2003.
9. Рока, Феликс «Памир жана Алай кыргыздары», кот. Л. Строилов, *Кыргыздар*, I, .Бишкек 1993
10. Саим Кылавуз, *Ислам акаиди ве келама гириш*, Станбул, 1985.
11. Тажиева, Г., Курманбекова, А., *Кыргыз макал лакаптары жана учкул сөз түркүмдөрү*, 2004.

---

[59] А.а.ч., 97.

[60] А.а.ч., 99.

[61] Аъраф сүрөсү, 34; Юнус сүрөсү, 49; Нахл сүрөсү, 61; Муминун сүрөсү, 43; Мунафикун сүрөсү, 11.

[62] Юнус сүрөсү, 49.